# Кыргыз элинин көөнөрбөс мурастарын жайылтууда китепканалардын бүгүнкү жана эртеңки милдеттери

**Токторбаева З.Б.**
**Нарын облустук С. Орозбаков атындаги информациялык китепкана, Кыргызстан**

Кыргыз Республикасынын маданият агенттиги тарабынан 2010-жыл мурас жылы деп жарыялангандыгына Нарын облустук С. Орозбаков атындагы китепкана тармагынын эмгек жамааты кыргыз элинин руханий дөөлөтүн, нарк нускасын, каада-салты менен үрп-адатын жана нукура улуттук көркөм өнөрүнүн мындан ары өсүп өнүгүшүн кеңири жайылтуу жана сактоо, өзгөчө айыл жеринде жашаган таланты бар дили таза, чыгармачылыкты дидар туткан таланттардын өсүшүнө жардам берүү, облуста облустук, райондук кароо сынактарды өткөрүү менен элдик мурастарды баалап, элге жеткирүү үчүн иш чараларды биргелешип, уюштурууну максат кылып коёт.

Байыртадан келе жаткан бабалар мурасын кол өнөрчүлүгүн мыкты салттарын, үлгүлөрүн сактап калуу жана мындан ары өркүндөтүү бирден бир милдет болуп саналат. Ошондуктан элибиздин эзелден берки турмушуна сиңип калыптанып калган көркөм, адабий, фольклордук, тарыхый, каада-салт маданияттын улуттук колоритин бузбай кайрадан сактап калуу, бүгүнкү күндүн талабы.

Маданият аркылуу, эл арасында биримдикти, ынтымакты чындап ата-журтту, эл-жерди сүйүүнү, эгемендүүлүктү, патриоттуулукту жогорку көркөм деңгээлде чыгармалар аркылуу даңазалоо менен эл арасында ачыла элек таланттарды табуу менен балдардын руханий дүйнөгө болгон умтулуусун өркүндөтүү жана колдоо көрсөтүү үчүн руханий асыл баалулуктарды өнүктүрүү адабият, маданият булактарына өзгөчө көңүл бурушубуз керек.

Теңир-Тоо жергесинин урпактары атактуу манасчылар: Келдибек, Тыныбек, Сагынбай, Тоголок Молдо манасчылык өнөрдү кылымдарды карытып укумдан тукумга уланып, ушул күнгө чейин жетип отурат. Манас айтуу өнөрүн түбөлүктүү руханий баалулугун мындан аары улап өркүндөтөлү, көмөк берели. Адам баласынын экологиялык руханий ырахат алуучу маданий эс алуу жайына айландырып аны сактайлы.

Ошондуктан китепканалар ушул көөнөрбөс кыргыз элинин маданий мурасын жана ага тиэшелүү каада слттарды арттырып, эл алдына түшүндүрүү маалыматтарды берүү милдети турат.

Кыргыздын каада-салт, үрп-адаты атанын уулуна, эненин кызына жашоо жолуна багыттап көрсөткөн тарбиясы, муундан-муунга өткөн улуу мурасы, байыркы бабалардан келаткан кыргызды улут катары сактап келген мыйзамы.

Кыргыз элинин салттары күнүмдүк жыргалчылык үчүн эмес, келечекке кам көрүү үчүн кызмат кылып, каада салт, үрп-адат аркылуу ыймандуу, абийирдүү, акыйкаттуу, акыл эстүү, адамгерчиликтүү, топуктуу, кең-пейилдүү болууга чакырып келген.

- Эли жерин сүйүп, эли жери үчүн кызмат кылуу үчүн патриоттулукка үйрөткөн.
- Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо аркылуу улуунун кичүүгө, кичүүнүн улууга мамилелеринин жол жоболору болгон. Ошол үйрөнгөн жакшы адаттарын кийинки муундарга мураска калтыруу, улуулардын алдына кызмат кылып алардан батасын алып, кең келечекке умтулуу. Көз карандысыз мамлекетте жашап жаткан ар бир кыргыз атуулу өз элинин тарыхын, маданиятын билип, үйрөнүп, улутунун бай маданий мурастарын сыймыктануу менен жаш муундарга калтырып, сактап калуусу зарыл.

Ар бир элди, улутту бир-биринен айырмалап өзгөчөлөп турган нерселер бар. Алар-улуттун тили, дини, салт-санаасы, үрп-адаты, кулк мүнөзү. Кыргыз эли да миңдеген жылдар бою өз маданиятын, ырым-жырымдарын, адеп-ыйманын, сый-урматын мурас кылып муундан-муунга өткөрүп келет.

Каада-салт, үрп-адат, ырым-жырымдар жөн жерден пайда боло койгон эмес. Кандай гана эл болбосун анын каада-салт, үрп-адаттары коомдук жана үй-бүлөлүк мамилелердин пайда болуп, өнүгүшүнөн, адам баласы өзүн-өзү таанып, айлана-чөйрөсүн курчап турган сырдуу дүйнөнү аңдап, жашоодогу кайгы жана кубанычты түшүнө баштагандан тартып пайда болгон.

Адат-тийиштүү кырдаалдарда колдонулуучу, көпчүлүк тарабынан өнөкөт катары кабыл алынып калган жүрүм-турум нормаларынын, жашоо-тиричилик жол-жоболорунун жыйындысы.

Салт-бул мазмуну жагынан да, көлөмү боюнча алганда да алда канча кенен түшүнүк. Салт коомдун бардык чөйрөсүндө кезигет. Салт дегенибиз, жалпы алганда коомдук өнүгүштө уламыштуулук функцияны аткарып, ошол себептүү инерциялык күчкө ээ болгон, укумдан-тукумга өтүп келе жаткан, мурастык касиетке ээ болгон тарыхый туруктуу көрүнүштөр болуп саналат.

Каада-адамдардын же адамдар коллективинин өндүрүштүк жана үй-тиричилик турмушундагы маанилүү учурду үй-бүлөнүн же көпчүлүктүн катышуусу менен кастарлап белгилөө үчүн жазалган ар кандай жөрөлгөлөө, ырымдоо сыяктуу шаан-шөкөт ырасмилердин жыйындысы. Алда канча жөнөкөйлөтүп айтканда, каада-бул негизинен, тиричилик жана үй-бүлө чөйрөсүндөгү көп сандаган салттардын тобу. Кыргызда: «калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт» деп айтылат.

Нарк-нуска-бул адат укугунан айырмаланып, жүрүм-турум эрежелеринин, жашоо-турмуш жол-жоболорунун, жалпы эле адеп тартибинин нормалары жана үлгүлөрү. Нарк-нуска каадалары, салттарды, жөрөлгөлөрдү, ырасмилерди тутууда нормативдик мааниге ээ болгон үлгү катары кызмат кылат.

Жөрөлгө – бул каадалардын бир түрү. Ал калып алып калган ар кандай шаан-шөкөттөрдүн, тарыхый түзүлгөн жүрүм-турумдардын, салтанаттардын, аземдердин (майрамдоо, аза күтүү ж.б) жүрүшүндө (өткөрүү учурунда) колдонулуучу, тарыхый түзүлгөн жүрүм тутумдардын татаал символикасы.

Ырым-бул термин өз алдынча да, кош сөз түрүндө да колдонулат. Адатта «ырым» диний ишенимдин негизинде түзүлүп, тийиштүү даражада диний көз караштын калыптанышы үчүн кызмат кылган. «Ырымдын» дагы бир жагы кийинки кездерде ал символикалык мүнөздөгү функцияны аткарууда.

Маданий мурастарыбыздын мыкты үлгүлөрүн жашообузга киргизүү, улуу менен кичүүгө, ата менен балага, эне менен кызга насаат болор ийкемдүү иш чараларды өткөрүү менен элге таасир көрсөтүү.

«Биз ата-бабалардын маданий мурастарын сарамжалдык менен сактап, анын дүйнөлүк маданият менен жуурулушуу мүмкүнчүлүгүн арттыра бермекчибиз».